«БЕКИТЕМ»
КМЮАнын ректору,
профессор Рысмендеев Б.Д.
_______________________
«_10_» ___06___________2019-ж.

«МАКУЛДАШЫЛДЫ»
Кыргыз Республикасыны
Билим берүү жана илим министрлиги
_______________________
«_10_» ____06________2019-ж.

# 2019-2020-окуу жылына Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясына орто кесиптик билим берүү программалары боюнча кабыл алуу эрежелери

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Кабыл алуу Тартиби, Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” Мызамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 3-февралындагы №53 токтому менен бектилген “Кыргыз Республикасында орто кесиптик билим берүү жөнундөгү Жобо” менен, “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-июлундагы № 470 Токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүчү уюмдарына студенттерди кабыл алуунун тартиби” менен жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 28-мартындагы №160 “Кыргыз Республикасында орто кесиптик билим берүү уюмдарынын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу бекитилген актылары жөнүндөгү” Токтомуна ылайык иштелип чыккан.
1.2.КМЮАнын орто кесиптик (ОКББ) кабыл алууну кабыл алуу эрежелери жөнгө салат.
1.3. КМЮАда ОКББга кабыл алуу жалпы негизги же жалпы орто билими бар Кыргыз Республикасынын жарандары, чет өлкөлүктөр жана жарандыгы жок адамдар кабыл алынат.
1.4. ОКББ боюнча КМЮАга кабыл алуу конкурстук негизде жүргүзүлөт. Конкурстун шарттары жарандардын билим берүү жаатындагы укуктарынын сакталышына кепилдик берет жана “Укук таануу” адистиги боюнча кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүгө жөндөмдүү жана даярдыгы бар жарандарды тандап кабыл алат.
1.5. ОКББ боюнча билим алуу, акы төлөнүүчү негизде, КМЮА менен жеке жана юридикалык жактардын ортосундагы түздөн-түз келишимдер боюнча жүрөт.
1.6. Абитуриент, КМЮАнын Уставы, ОКББ жөнүндө жобосу, билим берүү ишинин лицензиялары менен мамлекеттик жана башка аттестациялык сертификаттары (аккредитациялары) жана жожго кабыл алуу эрежелери менен таанышууга укуктуу. Кабыл алуу комиссиясы кабыл алуу учурунда абитуриентти тараптардын милдеттерин жана укуктарын, билим алуу үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн жана тартибин, ошондой эле билим алуудагы жеңилдиктерди берүү мүмкүнчүлүктөрү менен тааныштырууга милдеттүү.
1.7. КМЮАнын ОКББ программаларына өтүү үчүн башкы критерий болуп, абитуриенттин билим деңгээли жана жөндөмдүүлүктөрү эсептелинет.
1.8. Каттоо укугун ишке ашырууда КМЮАнын ОКББ програмасы Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында көрсөтүлгөн жарандардын билим алууга укуктарынын кол тийгистигинин сакталышын камсыз кылат. Жынысына, тилине, улутуна, социалдык жана материалдык абалына, саясий жана диний ишенимдерине карабастан катталгандардын бардыгы бирдей укуктарга ээ.
1.9. “2019-2020- окуу жылына КМЮАнын ОКББ программаларына кабыл алуу эрежелери” негизги ченемдик документ болуп саналат да, анын негизинде төмөнкүлөр ишке ашырылат:

-абитуриенттердин документтерин кабыл алуу;

-абитуриенттердин билим рейтингин бекитүү;

-1-курска каттоо укугун пайдалануу.

1.10.“2019-2020- окуу жылына “ОКББ программалары боюнча КМЮАнын кабыл алуу тартиби” кабыл алуу эрежелеринин” башкы милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелинет:

- абитуриенттердин билим рейтингинин жана жөндөмдүүлүктөрүн аныктоону объективдүү кароону камсыз кылуу, 1-курска каттоо укугун ишке ашыруу;
- абитуриенттерге 1-курска каттоо укугунун шарттары жөнүндө өз убагында жана толук маалымат берүү;
- юридикалык колледжге каттоо укугунун эрежелеринин сакталышына кабыл алуу комиссиясынын жоопкерчилигин камсыздоо.

## 2. Кабыл алуу ишин уюштуруу

2.2. КМЮАнын ОКББ програмасына тапшырып жаткан абитуриенттерди 1-курска тандап алуу жана кабыл алуу үчүн жождун жетекчисинин буйругу менен кабыл алуу комиссиясы түзүлөт, анын башчысы болуп жетекчи эсептелинет. Юридикалык колледждин директору академиянын кабыл алуу комиссиясынын курамына кирет.

2.3. Кабыл алуу комиссиясынын негизги милдети Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана “Билим берүү жөнүндө” мыйзамында көрсөтүлгөн жарандардын билим алууга укуктарынын сакталышын, жана ошондой эле кабыл алуунун бардык жол-жоболорунун ачык-айкындыгын камсыз кылуу болуп саналат.

## 3. Биринчи курска каттоо укугун ишке ашыруу

3.2. Биринчи курска каттоо укугу абитуриенттерди “Укук таануу” адистигине каттоо дегенди билдирет, жана ага бланкалык тест аркылуу өзүнүн билим рейтингин аныктоого катышуу мүмкүндүгү берилет. Ошондой эле абитуриенттер “Каттоо укугу” боюнча чыгашаларды (2019-2020-окуу жылына КМЮАга бир абитуриентти “Каттоо укугун” жүргүзүү калькуляциясына ылайык) КМЮАнын кассасына төлөшөт.

3.3. “Каттоо укугу” үчүн төлөмдү толук кайтарып алуу төлөм жүргүзүлгөн күндөн абитуриенттин документтери таризделген күнгө чейин гана мүмкүн болот.

3.4. Эгерде абитуриент документтерин кирүү сынагына чейин алып кетсе, “Каттоо укугу” үчүн төлөмдүн суммасынын 30% кармалып кайтарылат. Кирүү сынагынан кийин “Каттоо укугу” үчүн акча кайтарылып берилбейт.

3.5. Конкурс боюнча өткөн абитуриенттер биринчи окуу жылы үчүн анын билим алуусунун чыгашаларынын сметасына ылайык КМЮА сарптаган каражаттын 50%дан кем эмесин төлөгөндөн кийин гана КМЮАнын ректорунун буйругу менен биринчи курстун студенттеринин катарына кабыл алынышат. Билим алуу үчүн акы кирүү сынагынын жыйынтыктарын угузгандан кийин үч күндүн ичинде төлөнүшү керек.

3.6. Студенттердин контингентин түзүү, юридикалык колледждин биринчи курсуна кабыл алуу планынын ылайык, КРнын Билим берүү жана илим министирлиги 2019-2020-окуу жылына бекиткен лицензия жана квоталар аныктаган контингенттин чегин эске алуу менен жүргүзүлөт.

3.7. Билим берүүнүн бардык үлгүсүнө студенттердин контингентин түзүүдө “Каттоо укугун” пайдалануу жана билим рейтингинин мөөнөтүн бекитүү КМЮАнын бирдиктүү кабыл алуу комиссиясы тарабынан ишке ашырылат.

3.8. Кирүү сынагына себепсиз келбей калган же канааттандыраарлык эмес баа алган абитуриент конкурска катышпайт жана КМЮАнын юридикалык колледжине кабыл алынбайт.

## 4. Документтерди кабыл алуу

## 7. Кабыл алуу

7.2. Кабыл алуу кирүү сынактары аяктагандан кийин жүргүзүлөт жана 2019 жылдын 30-августунан кечикпей бүтөт.

7.3. Оң баасы болгон учурда конкурстан сырткары төмөндөгүлөр кабыл алынат:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген жеңилдиктерге укуктуу иштен чыккан запастагы аскер кызматкерлери;
- Тоголок жетим жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар (ушул жылдын 1-октябрына чейинки 18 жаштагылар);
- Дарыгердик-эмгектик эксперттик комиссиянын тыянагына ылайык КМЮАнын ОКББ програмааларына билим алууга каршы келбеген, ден соолугу жагынан мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар.

7.3.1. "Кыргызстандын тарыхы", "Математика" предмети боюнча эл аралык жана республикалык олимпиадалардын жеңүүчүлөрү (ушул жыл ичинде 1-3-орунду ээлегендер).

7.4. "Спорт чебердигинин кандидаты" спорт разрядына ээ спортсмендер, "Кыргыз Республикасынын спорт чебери", "Кыргыз Республикасынын эл аралык класстагы спорт чебери" спорттук наамдын ээлери окууга тапшырууда өзгөчө укуктарды колдоно алышат.

7.5. КМЮАнын кабыл алуу комиссиясы КР ББИМге студенттерди кабыл алууну уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө отчётту 2019-жылдын 1-октябрына чейин берет.

**КМЮАнын кабыл алуу**
**комиссиясынын жооптуу катчысы** **Ахметов М.А.**